2007 - 178

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.09.06.321**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 39:395.6:10 (09)**

**Итигулова Жылдыз Кайбалиевна**

# НУРМОЛДО НАРКУЛДУН ДҮЙНӨТААНЫМЫНА ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

**Адистиги: 09.00.03 – философиянын тарыхы**

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертациясынын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2007**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философия кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору **Саралаев Н.К.**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **Акмолдоева Ш.Б.**
философия илимдеринин кандидаты, улуу илимий кызматкер **Сариева К.С.**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасы

Диссертацияны коргоо 2007-жылдын 29 июнунда саат 12.00 дө Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун алдындагы (тең уюштуруучу – Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу **Д.09.06.321** диссертациялык кеңештин жыйынында болот.

Дареги: 720071, Бишкек, Чүй проспектиси, 265-а

Диссертация менен КР УИАсынын борбордук китепканасынан таанышууга болот. (720071, Бишкек, Чүй проспектиси, 265-а)

Автореферат 2007 жылдын 28 майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **Акматова Н.С.**



## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Элибиздин эгемендүүлүккө ээ болушу менен, социалдык-экономикалык мамилелерге жасаган иш-аракет гана өзгөрбөстөн, кыргыз маданиятынын тарыхындагы келишпес талаш-тартышка түшүп, кайчылаш көз караштарды пайда кылып келген руханий баалуулуктарды кайрадан карап чыгып, бир беткей философиялык ой жүгүртүүдөн арылууга мүмкүндүк берди. Калкыбыздагы коомдук аң-сезимдин өнүгүш жана калыптаныш формалары, дүйнөлөшүүнүн процессине туш келип, өзгөчө бир парадигмадагы деформацияланган интеллектуалдуу нрава пайда болуп, гумандуулуктун жаңы критерийлери жаралып, адамзат тандоо проблемасына туш келип такалды. Мындай шартта ар бир улут өзүнүн идентификациялануусун издеп, руханий асылдуулуктары аркылуу гана дүйнөлүк маданиятта өзгөчөлүгүн таба алаарын аныктоодо. Кыргыз эли дагы руханий жакырчылыктын жолуна түшпөй, өткөн тарыхтагы улуу инсандардын, жалпы эле кыргыз элинин болумушка болгон акылман ойлоруна, диалектикалык логиканын жогорку принциби тарыхый логикага таянып учур талабына дал келе турган рационалдуу жактарын изилдеп, келечектеги муундардын руханий базисине айлантуу тарыхый конкреттүү зарылчылык.

Кыргыз элинин жазма тарыхы болгону менен анын дүйнө кабылдоосу, дүйнөтүшүнүгү, дүйнөтаанымы эпикалык элдик оозеки чыгармаларында каралып, философиялык, этикалык, эстетикалык, табият таануу тыянактары менен жалпыланган.

Өткөн сенек доордо кыргыз элинин маданий мурастары вульгардык-социологиянын негизинде изилденип, "таптык-кызыкчылыктын", патерналисттик камкордуктун тар чөйрөсүндө бекем кармалып, унификациялоого, көчмөн калктардын сабаты болгон эмес деген жалган догматикалык жоболор менен тастыктоого аракет кылып келишкен.

Кыргыз маданиятынын жетишкендиктерин кеңири

пайдалануу жана тереңдетип таркатуу, эскиге кайрылуу жана жандандыруу эмес, унутулуп "архаизмге" айлануу абалында турган руханий дөөлөттүн ар түрдүү формаларынын динамикасын, философиянын тарыхынын изилдөө обьектисине айлантып, демократиянын актуалдуу принциптеринин өзөктүү проблемаларынын негизинде илимий-теориялык электен өткөрүү.

Арийне, кыргыз философиясынын тарыхын, философиясын, жогорудагы маселелерди ишке ашыруу, изилдөө турмуш койгон маанилүү талап, руханий байлыктарды аңдай билүү-бүгүнкү күндүн логикасы, келечегибиздин пайдубалы, обьективдүү илимий талдоонун талабы.

XIX кылым кыргыз журтчулугундагы трагедиялуу мезгил болуп, элдин дүйнөтаанымынын өзгөрүшүнө түрткү берип, философемалык дүйнөтүшүнүк системасына ээ акын-ойчулдарды жараткаңы обьективдүү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошол эпоханын продуктусунан калыптанган, совет доорунда башкалардай эле көркөм мурастарына тыюу салынган акын-агартуучу Нурмолдо Наркул. Акындын диний сабаттуулугу чыгармачылыгына илимий түрдө обьективдүү баа берүүгө терс таасирин тийгизген.

Нурмолдонун дүйнө таанымында каралган философиялык, этика-эстетикалык көз караштарын, көтөрүп чыккан маданий агартуучулук проблемаларын, гуманисттик идеяларын илимий деңгээлде изилдөө улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнө, чыңдалышына, жаңыланышына чоң өбөлгө. Анткени, Нурмолдо прогрессивдүү ойчул катары коомдук өнүгүүгө обьективдүү маани берип, келечекти аңдай билген. Өз мезгилинин агартуучусу болуу менен, элди сабаттуулукка, кыргыз улутунун аң-сезиминин ойгонушуна үндөгөн.

Даанышмандын чыгармачылыгына кайрылуунун актуалдуулугу – анын идеяларынын моралдык-этикалык таасирдүүлүгүндө, эстетикалык көз карашынын баалуулугунда жана нускоолорунун адамзатты маданий өнүгүүгө багыттагандыгында.



**Изилдөө ишинин иштелип чыгуу даражасы.** Республикабызда кыргыздардын коомдук-философиялык ой жүгүртүүсүн илимий эмгекке айлантып изилдеген А.А.Алтмышбаев* эмгектеринде марксизмдин коомдук-экономикалык формация теориясынын негизинде кыргыздардын коомдук-философиялык көз караштарын төрт этапка бөлөт: уруулук түзүлүш, феодализм, Россияга кошулгандан кийинки жана Октябрь революциясынын жеңишинин кыргыздарга тийгизген таасири деп, коомдук жана теориялык аң-сезимдин карым-катнаштарынын маселелерин козгойт.

Б.А.Аманалиев илимий эмгектеринде урууучулук түзүлүштөгү жана Токтогул, Тоголок Молдонун дүйнө караштарын алгылыктуу изилдеп, кыргыздардын философиялык ой жүгүртүүсү логикалык жалпылоого көтөрүлө алган эмес деген теориялык негизге такалат.

А.Ч.Какеев кыргыздардын коомдук-философиялык ой жүгүртүшүнүн өзүн эки фактор менен гана байланыштырат, биринчиси, кыргыздардын Россия империясынын составына кириши, экинчиси, Октябрь революциясынын жеңиши менен байланыштырып, марксисттик-лениндик идеологиянын аркасында гана кыргыздар философиялык категорияга түшүнүктөргө жетишип, XX кылымдын 50 жылдарында калыптанган.

А.А.Бекбоев бир катар эмгектеринде Чыгыш менен Батыштын карым-катнашын, категорология проблемаларын камтыган эмгектеринде кыргыз философиясынын тарыхына токтолуп, кыргыз элинин философиялык түшүнүмдөрүн коомдук формациялык теориянын методологиясында эмес, коомдук аң-сезимдин формаларынын негизинде изилдөөнүн зарылдыгын баса белгилейт.

Ш.Б.Акмолдоеванын эмгектеринде байыркы кыргыздардын мейкиндик менен мезгилдин карым-

---

* Аталган авторлордун эмгектери пайдаланылган адабияттардын диссертациядагы тизмесинде толук келтирилди.

катнашындагы моделдери иликтөөгө алынып, башка элдердин чыгармалары менен салыштырылган.

Кыргыз философиясынын тарыхына карата кыйла орундуу талдоолорду А.А.Салиев, Т.А.Аскаров, Ж.Ж. Жаныбеков, К.Ш.Ибраев, А.К.Асанбаев, А.А.Байбосунов, Ы.М.Мукасов, Ө.К.Козубаев, Н.К.Кулматов, М.К.Абдылдаев, А.М.Исмаилов, Ш.М.Ниязалиев, Г.А.Бакиева ж.б. эмгектеринде кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин келип чыгуу жана калыптануу диалектикасы, алардын өзгөчөлүктөрү концептуалдык мааниде изилденген.

С.Байгазиев өзүнүн эмгегинде Нурмолдонун агартуучулук ишмердигине көңүл бөлсө, К. Рыскулов Нурмолдонун ырларын, "Замана", "Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар" деген ат менен китеп кылып жарыялаган.

Айтылгандардын негизинде Нурмолдо Наркулдун дүйнө таанымынын эволюциялык өзгөчө жана жалпылык маңызына, ойчулдук сапат-касиеттеринин обьективдүү жана субьективдүү себеп-шарттарын анализдөө изилдөөнүн актуалдуу багыты экендиги менен ырасталат.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети**. Кыргыз элинин коомдук-философиялык ой жүгүртүүсүнүн калыптануусундагы Нурмолдонун дүйнө таанымы, поэтикалык мурастары изилдөөнүн обьектиси болуп саналат. Ал эми изилдөөнүн предмети болуп - анын дүйнөтаанымынын генезиси жана эволюциясы, маданий-агартуучулук ишмердүүлүгү, коомдук-саясий ойлоосу, этикалык-диндик түшүнүктөрү, эстетикалык көз караштары эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Нурмолдонун дүйнөтаанымынын генезиси жана эволюциясынын өзгөчөлүктөрү маданий агартуучулук идеялары, этикалык, эстетикалык көз караштары, тарыхый-философиялык анализге алынат. Белгиленген максатка ылайык диссертациялык иштин төмөндөгүдөй милдеттери аныкталды:

- Нурмолдонун дүйнөтаанымынын калыптануусунун булактары, социалдык-экономикалык, идеологиялык шарттардын таасири аныкталды;



- акындын чыгармаларынын "заманчылардан" өзгөчөлүгү жана үндөштүгү анализденди;
- Акындын маданий агартуучулук ишмердүүлүгүн башка даанышман-замандаштарынын көз караштары, идеялары менен салыштырып, агартуучулук ишмердүүлүгүнүн аксиологиялык, праксиологиялык маңызы, багыттары белгиленди;
- Акындын моралдык нускоолорундагы этикалык-эстетикалык түшүнүктөрдүн чагылдырылышы такстыкталды.

**Диссертациянын методологиялык жана теориялык негиздери.** Коюлган проблеманы чечүүдө изденүүчү диалектиканын логикалык, жалпы байланыш, өнүгүү, тарыхыйлуулук, обьективдүүлүк принциптерине таянды. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын жана чет өлкөлүк философ-даанышмандардын философиянын тарыхына арналган методологиялык изилдөөлөрүндөгү системалуулук жоболору колдонулду.

Изилдөөнүн базалык булактары катары элдик оозеки жана заманчыл акындардын чыгармалары, кыргыз элинин дүйнө таанымына арналган республикабыздын окумуштууларынын эмгектери пайдаланылды.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.** Нурмолдо Наркулдун философиялык ой жүгүртүүсүнө, моралдык таалимдерине, диний-этикалык интерпретацияларына, эстетикалык көз караштарына, агартуучулук ой-толгоолоруна комплекстүү талдоо жүргүзүү менен акындын философемаларын анализдөөгө аракеттер жасалды. Ошондой эле иштин жаңылыктарына төмөнкүлөр кирет:

-Кыргызстандын философия илиминдеги атайын жана комплекстүү изилдөөгө алынган биринчи илимий иш;

-кыргыз коомунун XIX кылымдагы социомаданий, геосаясий абалынын, экономикалык өнүгүүсүнүн Нурмолдонун чыгармачылыгына тийгизген таасирлери талдоого алынды;

-Нурмолдонун эмгектериндеги дүйнө түзүлүш, адам жана анын коомдук статусу, илим-билимдин орду, жамандык, жакшылык, мекенди барктоо жана баалоо сыяктуу проблемалар илимий логикалык конструкцияга салынды;

-ойчулдун чыгармачылыгынын калыптанышына ислам дининин (суфизм) тийгизген таасири анализденди;

-элдик оозеки чыгармалардын, анын ичинен акындардын ырларынын коомдук психологияга тийгизген таасири изилденип, өткөөл мезгилде идеялык орду бар экендиги ырасталды;

-ойчулдун социожаратылыштык гармонияны кабылдоосу, коздук менен сулуулукту баалоодогу эстетикалык табити, көркөм туюсу, идеалы, көркөм образ түзүүдөгү шарттуулуктары (проблема условность) талдоого алынып, адам сулуулугу менен адептик сапаттарынын диалектикалык биримдиги аныкталды;

-акындын чыгармачылыгындагы гуманисттик көз караштардын жана принциптердин азыркы кездеги улуттук идеологияны жана рухий дөөлөттөрдү кайра жаратууда олуттуу мааниге ээ экендиги белгиленди.

**Коргоого алынып чыгарылган негизги жоболор**. Нурмолдонун дүйнөтаанымым проблемаларын изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгүдөй жоболор коргоого сунуш кылынат:

- өлкөбүздө радикалдык реформа жүргүзүлүп жана адамзат дүйнөлөшүү процессине кабылып, өткөөл учурдун идеологиялык параметри аныкталбай турган кезде, оозеки чыгармачылыкта синтезделген гуманисттик, философиялык традициялар, диний түшүнүк ишенимдердин мааниси өзгөчө тарыхтуулукка ээ;

- Нурмолдо Наркул жашаган доору (коом алмашуу, өзгөрүү, өткөөл мезгил) уруулук-патриархалдык түзүлүштөн Россия империясынын колониалдык саясатынын таасиринде калыптанган мамилелер системасына туш келген. Ал процесс



социоэкономикалык укладдардын, геосаясий өбөлгөлөрдүн көп кырдуулугу, антогонисттик идеялардын өкүм сүрүшү жана социомаданий кризистин курчушу менен өзгөчөлөнөт. Ойчулдун көз карашы жана дүйнө таанымы белгиленген социомаданий процесстин натыйжасында катары келип чыгат;

-сенек доордо көчмөн калкта сабаттуулук болгон эмес деп, Нурмолдону консервативдүү, реакциячыл аташы акыйкаттуулукка жана нравалуулукка жатпайт. Анткени ал чыгармачылыгында, коомдук ишмердүүлүгүндө дайыма элдик биримдикти, ынтымакты, толеранттыкты, тынчтыкты жактаган. Анын прогрессивдүү көз караштары улуттук аң-сезимдин ойгонушу менен калыптанышына түрткү бере алган;

-өткөн тарыхтын жана маданияттын жетишкендиктерин изилдөөнү эскини жандандырып, дүйнөлөшүү процессине кирбөөнүн бир идеологиялык фактору катары кабыл албоо керек. Нурмолдонун философиялык ойлоосунун, гуманисттик принциптеги эстетикалык, этикалык көз караштарынын, агартуучулук ой толгоолорунун генезисинде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, эмпирикалык билимдери менен түшүнүктөрү, өз заманындагы рухий мурастар жана Чыгыш ойчулдарынын идеялары камтылган;

-Нурмолдо Наркулдун чыгармачылыгынын лейгмотивианын адептик, ыйман, тарбияга, этикалык бийиктикке багытталгандыгында. Социомаданий прогресстин өзөгү деп акын адепти белгилейт. Анын диний - этикалык идеялары жана чакырыктары адептик мамилелердин жалпы адамзаттык баалуулуктарына төп келип, келечек муундарды тарбиялоодо аксиологиялык кызмат өтөй алат;

-Нурмолдонун философемаларын, моралдык нускоолорун, эстетикалык көз карашын социомаданий контекстте изилдөө бүгүнкү өткөөл учурдагы маселелерди чечүүдө чоң мааниге ээ.

**Изилдөөнүн теориялык-практикалык мааниси**.

Нурмолдонун дүйнөтаанымын тарыхый-философиялык жактан илимий-концептуалдуу анализдөө диссертациянын теориялык маңызын түзөт. Акындын дүйнөтаанымынын өзгөчөлүгүн, руханий маданиятка кошкон салымын изилдөө зарылдыгы өлкөбүздүн коомдук-саясий, философиялык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө, мамлекеттик идеологияны түптөөгө салым кошот. Акындарыбыздын чыгармалары улуттук маданиятыбыздын кайталангыстыгынын өзгөчөлүгүн чагылдырып, адамзаттын руханий-маданий баалуулуктарына карата толеранттуулукту калыптандыруунун негизги каражаттарынан боло алат.

Диссертациянын теориялык-методологиялык натыйжаларын жогорку окуу жайларынын студенттери философиянын тарыхы, культурология, этика жана эстетика боюнча окуу материалы сыпатында, элибиздин жүрүм-турум маданиятына тиешелүү келечекте жүргүзүлө турган изилдөөлөргө таяныч булак катары колдонсо болот.

Диссертациялык иштин мазмуну менен жоболору кыргыз элинин оозеки чыгармаларынан негизделген жана жалпы адамзаттык маданияттын, гуманизмдин принциптеринин призмасы аркылуу ой чабыт жүргүзүү аракети жасалгандыгы менен баалуу жана маанилүү.

**Иштин апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары: ОшМУнун 50 жылдык жана Жеңижоктун 140 жылдык мааракесине арналган: "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемасы" деген илимий-теориялык конференцияда (2001); Акбар Сыдыковдун 70 жылдык мааракесине арналган илимий-практикалык конференцияда (2004); Новые векторы развития современного Кыргызстана: "Социальная мобилизация и добросовестное управление" деп аталган регионалдык конференцияда (2004); "Гуманитарные проблемы современности" деп аталган жаш окумуштуулардын илимий эмгектеринин жыйнагында (2006) жана талапкердин 9 макалаларында чагылдырылган.



Изилдөөнүн тыянактары философиянын тарыхы боюнча ОшМУнун студенттерине окулган лекцияларда жана өткөрүлгөн семинарларда (2003-2007-жж) апробацияланган.

Диссертация КР УИАсынын философия жана укук Институтунун философиянын теориясы жана тарыхы бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталган.

**Илимий иштин структурасы.** Диссертациялык иш - киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## Иштин негизги мазмуну

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, проблеманын изилденүү деңгээли, максаты жана милдеттери аныкталат, иштин методологиялык жана теориялык негизи, коргоого сунушталган жоболор, изилденип жаткан теманын жаңычылдыгы, изилдөө методдору, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы жана структурасы көрсөтүлөт.

Биринчи бап, **"Нурмодо Наркулдун көз карашынын социалдык руханий детерминанттары"** деп аталып ойчулдун көз карашынын калыптануусунун обьективдүү жана субьективдүү факторлору, руханий идеяларынын булактары иликтенет. **"Нурмолдонун көз карашынын калыптануусундагы обьективдүү факторлор"-** деп аталган биринчи параграфта акын жашаган доордогу социалдык-саясий абал, анын даанышмандын чыгармачылыгына тийгизген таасири системалуу анализденди.

Акын жашаган доор патриархалдык түзүлүштөн (жарым феодалдык) Россия империясынын колониялык саясатынын таасиринде калыптанган жаңы коомдук мамилелер системасына, туш келген. Ал процесс социоэкономикалык укладдардын көп түрдүүлүгү, геосаясий, татаал жана кооптуу кырдаалдардын, ага жараша антогонисттик идеялардын (диний этникалык) өкүм сүрүшү, жалпы этномаданий (социопсихоло-

Алла жаратуучу катары каралып, калган болумуштар пассивдүү зарылчылык. Нурмолдонун көз карашында суфизм идеялары жогорку деңгээлде, себеби ал диний агартуучу, дагы бир себеби, Кыргызстандын түштүгүндө суфизм өзүнүн тамырын кеңири жайылткандыгы.

Нурмолдонун руханий идеяларынын булактарын биринчиден, өзү жашаган коомдун өнүгүүсүндөгү социалдык-экономикалык абал, экинчиден, коомдогу идеологиялык процесстердин карым-катнашы, карама-каршылыктары түзгөн, үчүнчүдөн, кыргыз элинин байыртадан муундан-муунга өтүп келе жаткан элдик оозеки чыгармасы андагы жаратылыштын, адам табиятынын жаман-жакшы маселелери, төртүнчүдөн, заманчыл акындардын коом, адам, адеп-ахлак, дин жөнүндөгү көз караштары, бешинчиден, анын башка эл-жерде (Кашмир, Уфа, Казань, Ооганстан, Мекке) жашап келгени, алардын рухий дөөлөттөрүнүн иерархиясы түзгөн.

**“Нурмолдонун коомдук-саясий, диний-этикалык жана көркөм образдуу идеялары”** - деп аталган экинчи бапта акындын чыгармаларындагы “заман” маселеси, нравалык-тарбиялык нускоолору жана көркөм образдуу ойломдору талдоого алынат.

**“Нурмолдонун заман идеясынын заманчылардан айырмасы менен үндөштүгү”** деп аталган биринчи параграфта “Заман” агымынын кыргыз элинин коомдук философиялык көз карашына, социалдык-саясий турмушуна тийгизген таасири анализденет.

Акын жашаган тарыхый доордо коомдук турмуштагы таптык, этникалык басынтуучулук, адилетсиз мамилелерге каршы карапайым кыргыз элинин жашоо кызыкчылыктарын, укуктарын, ой мүдөөлөрүн, эркиндигин коргоочу саясий-идеологиялык аракеттер элдик оозеки чыгармачылык аркылуу ишке ашып турган. Андай багыттын өкүлдөрү – ойчул акындар, ырчылар, социалдык адилеттүүлүк, гумандуулук жана патриоттук маанайдагы көркөм чыгармаларды жаратышып, элдик биримдикти жана толеранттуулукту калыптоого, инсандын атуулдук жана улуттук сезимдерин ойготууга, ко-



омдук терс сапаттарды ашкерелөөгө багыт алышкан. Айрыкча “замана” идеялык багыты кыргыз коомун XIX кылымдагы экономикалык зарылчылыгынан келип чыгып, коомдук-саясий, урунттуу окуялардын күбөсү болуу менен Нурмолдо Наркулдун жана анын замандаштарынын (Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч) чыгармачылык идеяларынын калыптанышына өбөлгө түзгөн.

Алсак, Орус империясынын саясатын Калыгул жек көрүү менен кабыл алып, кийинчерээк акындын көз карашында сапаттуу өзгөрүүлөр пайда болгон. Ал эми Арстанбек кыргыз эли башынан өткөргөн бир топ көйгөйлүү окуялардын күбөсү болуу менен, орустардын кыргыз элинин турмушуна терс таасирин нааразыланып айткан. Башкалардан диндик түшүнүктөрү менен өзгөчөлөнгөн жазгыч акын Молдо Кылычта мистицизм психологиясы күчөп, жаратылыштын катаклизмин пенделердин жүрүм-турум, адеп эрежелерин бузгандыгына, заманга карата Кудайдын жазасы деп эсептеген.

Нурмолдонун чыгармаларында да социалдык-саясий абал кеңири темага айланган. Кыргыз этносистемасындагы бөлүнүп-жарылууларда, бытырандылыктардын, нравалык негативдүү кубулуштардын болуусун Россия империясынын саясатынан көрүп, ал процессти социомаданий кризис катары кабылдаган. Акындын социопозитивдүү идеяларынын феноменин коомдук биримдик, тилектештик, патриоттуулук, улуттук ойгонуу, ар-намыс сыяктуу баалуу сапаттар түзгөн.

Акын социалдык- саясий жагдайды кыжырдануу менен айтып тим болбостон, жашоону улантуу үчүн айла издөө лаазым деген оптимисттик көз карашы Канттын, Толстойдун, Достоевскийдин жамандыкка жакшылык (непротивление злу) принцибин колдоп, мардикерликке чакырыгы заманчылардан айырмачылыгы катары белгиленет.

Нурмолдонун чыгармаларынан заман жөнүндөгү эки концепцияны байкоого болот, биринчиси, коомдун өнүгүш процессине анын жакшырышына оптимисттик идеяда болсо, экинчиси, элдин аң-сезимин көтөрүү үчүн агартуучулук иш аткарат. “Заманчылар”, алардын катарында Нурмолдо да өз

учурунда болуп жаткан көрүнүштөргө таянып, дүйнөнүн жана коомдун диний философиялык, поэтикалык "Заман" картинасын түзүшкөн. Заман концепциясы кыргыз эли үчүн пайдалуу гана милдеттерди аткарган.

Экинчи баптын экинчи параграфы **"Ойчулдун чыгармаларындагы диний – этикалык түшүнүктөр"** деп аталып, акындын санат-насыяттарынын этикалык антиномиялары иликтенет.

Нурмолдонун диний-этикалык көз карашында адам, адеп-ахлак, жаман-жакшы менен катар "алла", "теңир", "пайгамбар" түшүнүктөрү айтылат. "Алла" түшүнүгүн активдүү кароо менен дүйнөнүн жаратуучусу жана башкаруучусу деп эсептейт. Акын үчүн ислам дини жогорку моралдык инстанция.

Анын этикалык идеялары рухий жашоонун көрүнүштөрүн антропологизациялоого багытталып, негизги орунга адам проблемасы коюлган. Нравалык-этикалык көз караш акындын социалдык-философиялык ойлорунун өзөгүн түзөт. Нурмолдонун этикалык көз карашына ылайык, адамдар төрөлгөндөн эле жаман же жакшы болушпайт, бул сапаттар социалдык чөйрөнүн негизинде калыптанат. "Жакшы" жана "жаман" моралдык сапаттарды карама-каршы коюу менен жамандыкты-жакшылык жеңет деген көз карашта болот, акын карама-каршылыктын биримдиги жана күрөшү мыйзамын билбей туруп, ал мыйзамга төп келген турмуштук антиномияларды чыгармаларында чагылдырган.

"Жакшылыкты" моралдын жана этиканын эң маанилүү категорияларынын бири катары түшүнүү менен адамдардагы жакшылыктын башталышын тарбиядан деп билет. "Жаштайынан камкордук көр бөпөлөп, жакшы адамдан жакшы бала төрөлөт", - дегени турмуш чындыгы. Инсандык калыптануунун башаты үй-бүлө, тарбиянын негизги каражаты билим деп эсептейт.

Нурмолдонун жалпы чыгармачылыгын негизинен адептүүлүккө, ыйманга, билимге үндөөчү нускоолук стиль түзүп турат. Ойчул теориялык концепция түзбөгөнү менен



анын нускоолору азыркы мезгилдеги ар тараптан өнүккөн инсанды калыптоодо маанилүү.

Үчүнчү параграф **"Акындын көркөм образдуу ойлому"** - деп аталып, Нурмолдонун чыгармаларындагы эстетикалык ойломдор философиялык анализге алынат. В.В.Радлов "У кыргызов речь образная, фразы четкие и ясные, дают яркую картину духовной жизни, обычаев всего народа",-[1] деп жазгандары Нурмолдонун чыгармачылыгына дал келет.

Акындын чыгармалары өз заманынын, табиятынын жемиши болуп, көркөм ой тутумдарга, образдуулук аныктамаларга, эстетикалык түшүнүктөргө бай. Анын чыгармаларынын мазмунун адам, кыргыз жери, жаратылыш, анын сулуулугу түзөт.

Жаратылыштын адамдык аң-сезимге көз карандысыздыгын, өз алдынча табигый жашоо мыйзамдуулугуна ээ экендигин таанып билүү менен жаратылышка жана анын тартууларына көркөм аксиологиялык мамиле жасайт. Табийгаттын мезгилдеринин кооздугу, ар бир кубулушу акын үчүн кымбат жана асыл.

Аалам кубулуштарынын көп кырдуулуктарын, татаал байланышын, мыйзам ченемдерин туюу менен ойчулдун табият диалектикасына карата мамилеси, көркөм чагылдыруусу анын эстетикалык нуктагы чыгармачылык көз карашынан, түшүнүгүнөн кабар берет. Акындын эстетикалык көз карашында жаратылыштын кооздугу менен адамдын сулуулугунун ортосундагы эквиваленттүүлүк жатат. Табийгаттын көркөмдүүлүгүн, жаратылыштын кубулуштарын образдуу кабыл алуу менен адамдын сулуулугун сүрөттөөдө жаратылыштын кооздугун эстетикалык үлгү катары пайдаланат.

Нурмолдо эстетикалык баалуулуктарга жогору маани берүү менен адамдын тышкы келбети, ички инсандык сапаттарына дал келишин "сулуулук" деп эсептейт. Адамдын мындай идеал образы маданий эволюцияда дайыма актуалдуу боло бермекчи.

[1] Радлов В.В. Кара-Киргизы. Кыргызы, источники, история, этнография. –Бишкек, 1996. С.368.

Нурмолдонун дүйнөтаанымын изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй корутундулар чыгарылды:

- акындын чыгармачылык идеяларынын калыптануу булактары XIX кылымдагы кыргыз коомунун социомаданий абалы, андагы ири экономикалык укладдын көп түрдүүлүгү, антогонисттик идеялардын, өкүм сүрүш факторлору менен шартталган. Даанышмандын дүйнө таанымынын, калыптанышына элдик оозеки чыгармачылык, Чыгыш ренессансынын илимдери, "заман" агымы, ислам диний окуусу, элдик эмпирикалык билимдер сыяктуу факторлор чоң таасирин тийгизген;
- Нурмолдонун чыгармачылыгынын маңызында аалам диалектикасы, табият кубулуштары, социожаратылыштык экосистема, социосаясий мамилелер, адамдык жашоо-турмуш, өмүр жана өлүм, жакшылык жана жамандык, табигыйлуулук менен маданийлик сыяктуу философиялык түшүнүктөр камтылган;
- Кыргызстандын Орусияга кошулушу психологиялык түшүнбөстүктөрдү пайда кылган, ал процессти кыргыз элинин алдыңкы өкүлдөрү "заман" идеясы, нраванын эсхатологиясы аркылуу түшүндүрүшкөн. Бирок, Нурмолдо "заман" идеясын, нраванын эстахологиясын адамдардын ишмердүүлүгү менен байланыштырган. Элдеги ыйман жок болуп кетпесе деп кабатырланып, өз таалимдеринде ыймандуулукка, адептүүлүккө чакырат;
- Нурмолдонун дүйнөтаанымынын генезисинде диндик (суфизм) таасирлер болгондуктан демейки аң-сезимдин аспектисинен карап дүйнөнүн диний картинасын түзүүгө аракеттенген. Албетте, мунун себеби ойчулдун диндик сабаттуулугу менен мүнөздөлөт;
- ойчулдун чыгармаларындагы бирден-бир башкы проблемаларга адам, анын руханий дүйнөсү, адеп-ахлагы, ишеними, көз карашы, тарыхтагы, коомдогу орду, жаратылыш менен байланыштыгы кирет. Анын түшүнүгүндө адам курчап турган чөйрөнү өздөштүрүүгө гана эмес, аны өзгөртүүгө да жөндөмдүү. Акындын чыгармаларында адамдын дүйнөнү таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн негизи катары илим каралып, илим-билимдин зарылдыгын баса көрсөтөт;



- Нурмолдо эстетикалык дүйнө кабылдоосун "жаратылыш", "аалам" түшүнүктөрү аркылуу байланыштырып, алардын болмушун ар кандай түстөрдө сүрөттөйт. Акындын эстетикалык түшүнүмдөрүндө адам сулуулугу менен табийгаттын кооздугу эквиваленттүү келип, жаратылыш кубулуштары, табийгат көркөмдүгү ааламдагы сонундуктардын жыйындысы катары кабылданат. Адам сулуулугун сүрөттөөдө акын үчүн жаратылыш кооздугу эстетикалык үлгү болуп сүрөттөлөт. Даанышмандын эстетикалык ойломдорундагы адам жөнүндөгү идея акыл-эстүү, сергек, чыгармачылык, патриот, эрктүү, эмгекчил гармониялуу өнүккөн инсан эсептелинет, жана бул анын чыгармачылыгынын негизги өзөгүн түзөт;
- граждандык коомду жана укуктук мамлекетти куруудагы өткөөл мезгилде кыргыз эли үчүн Нурмолдонун философемалары коомдо тарыхый ролду аткаруу менен адамзаттын социомаданий өнүгүүсүндө дайыма актуалдуу болуп кала берет;

**Иштин негизги мазмуну автордун төмөнкү макалаларында чагылдырылды:**

1.Нурмолдонун философиясы жана улуттук идеология.//Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. Илимий-теориялык конференциянын материалдары. -Бишкек, 1998. С.49-84.

2.Кыргыз акындарынын чыгармачылыгына, социалдык-саясий абалдын таасири. // ОшМУнун 50 жылдык жана Жеңижоктун 140 жылдык маарекесине арналган: "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары" аттуу илимий-теориялык конференциянын материалдары. -Ош, 2001. С.115-123 (авторлошуп жазылган).

3.Жеңижоктун дүйнө кабылдоосу. // ОшМУнун 50 жылдык жана Жеңижоктун 140 жылдык маарекесине

арналган: "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары" аттуу илимий-теориялык конференциянын материалдары. -Ош, 2001. С.245-250 (авторлошуп жазылган).

4.Даанышман–мударис. //Атайын курс үчүн колдонмо. -Ош, 2001. С.68.

5.Нурмолдо Наркул тегиндин чыгармачылыгындагы диндик көз караштар. //Акбар Сыдыковдун 70 жылдык маарекесине арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары. ОшМУнун жарчысы. -Ош, 2004. № 2.С.151-153.

6.Кыргыз ойчулдарынын чыгармачылыгына философиялык анализ.//Материалы региональной конференции посвяшенной году: "Социальной мобилизации и добросовестного управления". ОшМУнун жарчысы. -Ош, 2004. № 1.С.192-194.

7.Кыргыз ойчулдарынын чыгармачылыгындагы заман тематикасы. //Акбар Сыдыковдун 70 жылдык маарекесине арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары. ОшМУнун жарчысы. -Ош, 2004. № 2.С.188-192.

8.Идейные истоки формирования мировоззрения Нурмолдо Наркул тегин.//Материалы научной конференции: "Актуальные вопросы в области технических и социально-экономических наук". Межвузовский сборник научных трудов. -Ташкент, 2004 .- вып. 1. С.83-87.

9.Нурмолдо Наркулдун руханий идеяларынын булактары. //"Гуманитарные проблемы современности". Научные труды молодых ученых. -Бишкек, 2006 . Вып. 7. С.11-15.



Ж.К.Итигулованын 09.00.03–философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Нурмолдо Наркулдун дүйнөтаанымына тарыхый-философиялык анализ"** аттуу темада жазылган диссертациясынын

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** аалам, дүйнө, заман, адам, өмүр, өлүм, кудай, адеп-ахлак, ыйман, тарбия, билим.

Диссертацияда Нурмолдо Наркулдун дүйнөтаанымынын социалдык-руханий детерминанттарына концептуалдуу тарыхый-философиялык талдоо жүргүзүлөт.

**Биринчи бапта** ойчулдун чыгармачылыгынын калыптанышынын идеялык булактары жана өөлгөлөрү иликтенүү менен коомдук-саясий философиялык ойлоосуна анализ берилет. Анда XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социомаданий абалы көрсөтүлүп, даанышмандын дүйнөгө көз карашынын динамикасы белгиленет.

**Экинчи бапта** Нурмолдо Наркулдун агартуучулук ишмердүүлүгү, моралдык нускоолору, эстетикалык көз караштары иликтенет. Даанышмандын адеп-ахлак таалимдериндеги этикалык интерпретацияларынын "жакшылык" жана "жамандык" категориялардын топтомунда чагылдырылышы, аалам диалектикасын эстетикалык кабылдоосу, жаратылыштын көркү, кооздугу менен адамдын сулуулугун адекваттуу –реалдуу баалоосу анализденет.

**Корутундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн тыянактары чыгарылып, илимий-практикалык натыйжалары көрсөтүлөт.

## РЕЗЮМЕ

диссертации Ж.К.Итигуловой на тему: "Историко-философский анализ мировоззрения Нурмолдо Наркула" на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 – история философии.

**Ключевые слова:** вселенная, мир, эпоха, человек, жизнь, смерть, Бог, нравы, совесть, воспитание, образование.

В диссертации проведен концептуальный историко-философский анализ социально-духовных детерминантов мировоззрения Нурмолдо Наркула.

**В первой главе** дается анализ общественно-политической философской мысли с исследованием идейных источников и предпосылок формирования творчества мыслителя. В ней отражается социально-культурное состояние кыргызского общества в конце XIX в начале XX века, отмечается динамика взгляда на мир мудреца.

**Во второй главе** исследуются просветительская деятельность, моральные наставления, эстетические взгляды Нурмолдо Наркула. Анализируются отражение этических интерпретаций духовного воспитания в системе категорий "добро" и "зло", эстетическое восприятие диалектики вселенной, реальная оценка красоты природы и красоты человека.

**В заключении** даются выводы проведенного исследования, отражаются научно-практические результаты.



## SUMMARY

to dissertation of Itigulova J.K. on theme: "Nurmoldo Narkul's historical-philosophic analysis of world-perception" to competition of academic degree of candidate of philosophic sciences on specialty 09.00.03 – history of philosophy

**Key words**: universe, world, epoch, human, life, death, God, customs, conscience, upbringing, education

Conceptual historical-philosophic analysis of social-spiritual determinants of Nurmoldo Narkuls's Weltanschauung was carried out in dissertation.

**In the first chapter**, analysis of public-political philosophic thought with investigation of idea sources and suppositions of thinker's creation forming. It is reflected social-cultural condition of Kyrgyz society at the end of XIX and in the beginning of XX century in it, marking dynamics of view to the world of sage.

**In the second chapter**, it is researching enlightening activity, moral instructions, and aesthetic views of Nulmoldo Narkul. Reflection of ethic interpretations of spiritual upbringing in a system of "good" and "bad", aesthetic comprehension of universal dialect, real estimation of nature beauty and human beauty was analyzed.

**In conclusion**, there are results of carried investigation and reflected scientific-practical results.